Ошондуктан биз космос кырсыктарынан, жылдыздардын кагылышуусунан, күндүн өрттөнүп кетүүсүнөн же тонуп калуусунан коркпойбуз. Анткени Ыйса дүйнөнү Өзү кайра келгенче сактап турат. Нобель сыйлыгына ээ болгон Жак Монод айткандай, лотерея оюнунда кокусунан бир нерсе утуп алган сыяктуу адам баласы да кокусунан пайда болуп калган эмес. Биз белгилүү максат менен, башкача айтканда, Ыйса үчүн жаратылганбыз. Бул максатсыз биз жашообузду курулай эле өткөрүп коёбуз.

## Ыйсанын Байыркы Келишимдеги жаратуу иши

Накыл сөздөр китебинин 8-бөлүмүнүн 22-24, 30-аяттарында мындай деп жазылган: ***“Теңир мени Өзүнүн жолунун башталышында эле, бардыгын жарата электен мурун эле, эзелки убакта эле жараткан. Мен кылымдар мурун эле, башында эле, жер жаратыла электен мурун эле майлангам. Мен түпсүз туңгуюктар жарала электе эле, суусу мол булактар жарала электе эле төрөлгөм. Мен Анын жанында сүрөтчү болчумун. Ар күнү Анын кубанычы болчумун, Анын алдында ар дайым кубанып турчумун.”*** Сүрөтчү деген сөз Ыйсанын да жаратуу ишине катышкандыгын билдирет. 101-забурдун 26-аятынын мааниси Жаңы Келишимдеги Эврейлерге жазылган каттын 1-бөлүмүнүн 10-аятында ачылат жана ал жерде да Ыйса тууралуу айтылат: ***“Сен, Теңир, адегенде жерди негиздегенсиң, асманды да Сенин колдоруң жараткан.”***

## Жаратуу иши кантип ишке ашкан?

Библия бизге Жаратуучунун жаратуу жолдорун ачып берет:

- Кудай Өз Сөзү аркылуу (Забур 32:6; Жакан 1:1-4);
- Кудай жок нерседен жараткан (Эврейлерге 11:3);
- Кудай Өз күчү менен (Жеремия 10:12);
- Кудай Өз акылмандыгы менен (Забур 103:24; Колосалыктарга 2:3);
- Кудай Өз каалоосу менен (Башталыш 1:26; Аян 4:11);
- Кудай Өз Уулу аркылуу (Жакан 1:1-4; 1:10; Колосалыктарга 1:15-17);
- Ыйсанын мүнөзүнүн негизинде (Матай 11:29; Жакан 10:11).

Бул факторлор жаратылыш мыйзамдарына баш ийбейт, ошондуктан аларды ишеним аркылуу гана түшүнүүгө болот. Азыркы учурдагы жаратылыш мыйзамдары биз жашап жаткан дүйнөдөгү процесстерди жөнгө салып турат. Бирок дүйнө ал мыйзамдардын негизинде жаратылган эмес, тескерисинче, алар жаратылган дүйнөдөн келип чыккан.

## Ыйса Машайак аркылуу эмнеге ээ болобуз?

Ыйса – биз үчүн пайдубал. Биз жашообузду Анын үстүнө курушубуз керек. Курулуш иштери үчүн карыз бере турган бир кредиттик уюмдун “Бул таштын үстүнө курсаңар болот” деген урааны бар. Биз болсо сизге “Сиз өз жашооңузду Ыйсанын үстүнө кура аласыз” деп айта алабыз. Ыйса – жаратылган дүйнөнүн, Библиянын, ишенимдин, куткарылуунун, тынчтыктын, үмүттүн, Кудай Атага баруучу жолдун, жашоонун максаты менен маанисинин булагы.

Ыйса – адамдар ойлоп тапкан ар кандай системаларды талкалай ала турган бекем аска (1 Корунттуктарга 10:4). Эгерде Кудай: ***”Даанышмандардын даанышмандыгын жок кылам”*** (1 Корунттуктарга 1:19), – десе, анда аны аска Ыйса гана жок кыла алат. Ал Аскага эч бир идеология, атеизм жана эч бир эволюциялык теория туруштук бере албайт. Алардын өкүлдөрү азыр бул дүйнөнүн Жаратуучусунан жана Куткаруучусунан баш тартып жатышканы менен, качандыр бир кезде Теңирдин алдында тизе бүгүшөт. «Ыйсанын ысымынын алдында асмандагылардын, жердегилердин жана жер түпкүрүндөгүлөрдүн баары тизе бүгүшү үчүн, ***“Ыйса Машайак – Теңир, Кудай Атанын даңкы” деп, ар бир тил ачык таанышы үчүн ушундай кылды»*** (Филипиликтерге 2:10).

## Эмне үчүн эволюция теориясы коркунучтуу?

Бул теория бизге бул дүйнө тууралуу жалган түшүнүк гана бербестен, немец жазуучусу Жан Поль: “Кудай жок... Кыбыр эткен жан, “как” эткен карга, “кук” эткен кузгун жок боштук! Качып кутулгус муздак түбөлүктүүлүк! Маани-маңызы жок кокустук! Ар бирибиз бул чексиз ааламда жалгызбыз”, – деп сүрөттөгөндөй, үмүтсүздүккө алып барып такайт.

Эволюция теориясы бул дүйнөнү Жаратуучусу жок жаралган деп түшүндүргөнгө аракеттенет. Ал адамдарды атеизмге тартууга болгон күчүн жумшайт. Бирок биз, Ыйса эскерткендей, атеисттик көз карашыбыз менен тозокко түшөбүз: ***“Ал эми ким ишенбесе, ал айыпталынат”*** (Марк 16:16). Кээ бирөөлөр эволюцияны Кудайдын жаратуу жолу деп түшүндүрүүгө аракет кылышат. Эгерде Кудай эволюция аркылуу жараткан болсо, анда

- биринчи адам менен аял болмок эмес;
- күнөө жок болмок;
- Кудай өлүмдү жаратуу ишинин куралы катары колдонмок;
- күнөөкөр Адамдын карама-каршысы, “акыркы Адам” (1 Корунттуктарга 15:45) деп аталган Ыйсанын айкаш жыгачта биз үчүн ишке ашырган куткаруу ишинин мааниси жок болмок.

“Теисттик” деп аталган эволюциялык көз караш Библияны четке кагат. Ошондуктан биз мындай туура эмес түшүнүктү четке кагалы.

## Өтө таң каларлык чындык

Биз Ыйсаны бардык нерсенин Жаратуучусу катары тааныдык. Ал – Асман Падышачылыгынын Ээгедери, түбөлүктүү падыша. Асмандагы жана жер үстүндөгү бардык бийлик Ага берилген (Матай 28:18). Төмөнкү таң каларлык чындыкка көңүл бурсаңыз: Голгофадагы айкаш жыгачка кадалган Адам (Ыйса) жана бул дүйнөнүн, бардык тирүү жандыктардын Жаратуучусу – бир эле Инсан! Ал бизди чексиз сүйгөндүктөн, айкаш жыгачта өлүп, биз үчүн асманга жол ачты. Ким муну четке какса, ал баарын жоготот: ***“Ушундай улуу куткарылууну барк албай койсок, анда биз жазадан кантип качып кутулабыз?”*** (Эврейлерге 2:3). Ким Аны кабыл алса, ал бардык нерсеге ээ болот: ***“Менин сөзүмдү угуп, Мени жиберген Кудайга ишенген адам түбөлүк өмүргө ээ, ал соттолбойт, анткени өлүмдөн өмүргө өттү”*** (Жакан 5:24).



Кудайдын алдында соттолбош үчүн, бардык күнөөлөрүңүз үчүн Ыйса Теңирден кечирим сураңыз. Аны Жаратуучу жана Куткаруучу катары кабыл алып, Анын артынан ээрчиңиз.

Технология илимдеринин доктору, профессор: Вернер Гитт

Түп нускасынын аталышы: Wer ist der Schöpfer?
Автордун интернеттеги дареги: www.wernergitt.de
Сүрөтүн тарткан: Элиза Кристиан

Bruderhand-Medien
Am Hofe 2, 29342 Wienhausen, Germany
Tel.: +49 (0) 51 49 98 91-0, Fax: -19
E-Mail: info@bruderhand.de; Homepage: bruderhand.de

Nr. 123-15 – Kirgisisch/Kyrgyz – edition 2021



# Жаратуучу ким?

Вернер Гитт

123-15 Schöpfer Kirgisisch Auflage 2 2021 noch nicht gedruckt.indd 1-4
05.01.2023 15:54:51

# Жаратуучу ким?

## Бизди курчап турган дүйнө

Тирүү жандыктарга байкоо жүргүзгөндө, алардын түзүлүшүнүн татаалдыгын, жашоо-тиричилигинин керемет ойлонуштурулганын көрөбүз. Мисалы, сүт эмүүчү деңиз жаныбары **кашалот** 3000 метр тереңдикте сүзө алат, суунун үстүнө сүзүп чыкканда, ал кессон оорусуна чалдыкпайт. Ал эми **тоңкулдак** даракты болгон күчү менен ургуласа да, мээсине доо кетпейт.

Көпчүлүк учурда биздин жашообуз толук өрчүп калыптанып бүткөн **органдардын жана системалардын** (мисалы, жүрөк, боор, бөйрөк) **туура иштөөсүнө** көз каранды. Өрчүп бүтө элек, б.а., жаңыдан өрчүп келе жаткан же толук өрчүбөй калган органдар менен системалар жашоого ийкемсиз. Дарвинизмди жактаган адамдар муну билип коюшу керек: эволюция – өнүгүү максаты жана келечеги белгисиз процесс, ал процесс качандыр бир убакта толук иштей турган органдар менен системаларды жаратабы же жокпу, белгисиз.

Көптөгөн **келгин куштардын** автопилоту болот, анын жардамы менен алар жаан-чачынга, ысык-суукка карабай, күнтүн дебей, бара турган жагына учуп жетишет. Мисалы, ызгыт куш Гавай аралдарында кыштоо үчүн, Аляскадан учуп келет. 4500 чакырымды учуп өтүшү үчүн керектелүүчү энергияга 70 грамм май талап кылынат. Ал эми 6,8 грамм май ар кандай күтүлбөгөн шарттарга туруштук берүү үчүн сакталуу турат.



**Моллюсктардын бир түрү – наутилус** деген суу жаныбары мүйүз сымал ийилген кабыкчанын сырткы учунда жашайт, кабыкчанын ичи бөлүкчөлөргө бөлүнгөн. Моллюск сууга тереңдеп кирип бара жатканда, ал бөлүкчөлөргө газ толот да, анын калкып жүрүүсүнө мүмкүнчүлүк түзүлөт. Суу астында жүрүүчү кайыктарыбыз наутилуска салыштырмалуу ыңгайсыз жана бекем эмес. Бул жаныбар, адатта, 400 метр тереңдикте жашайт, түнкүсүн 100 метрге чейин жогору сүзүп чыгат.

**Микроскоптун жардамы менен гана көрүнө турган айрым бактерияларда** протондор аркылуу кыймылга келтирүүчү электр моторлору болот, бактериялар ошолордун жардамы менен ары-бери кыймылдашат. Көзгө илээшпеген кичинекей мейкиндикте алты миллиард миллиметр куб өлчөмүндөгү ичеги таякчасынын (бактериясынын) ушундай 6 мотору, “электростанциясы”, компьютер системасы жана көптөгөн химиялык “фабрикалары” бар.

Ар бир **тирүү клетканын түзүлүшү** адам баласы ойлоп тапкан техникадан он эсе татаал жана гениалдуу. Клеткада бир эле убакта ырааттуу жана өз ара бири-бирине дал келүүчү миңдеген химиялык процесстер жүрөт.

Тирүү клетканын **ДНК молекуласынан** биз эң жогорку маалымат жыштыгын табабыз. Төөнөгүчтүн башындай болгон нерсеге ДНК молекуласынын материалы толтурулган деп коёлу. Кандай деп ойлойсуз, ДНК молекуласындагы маалымат канча чөнтөк китепчесине (болжол менен 160 беттен турган) батар эле? 15 биллион китепчеге батмак! Эгерде ал китепчелерди үстү-үстүнө коюп жыйнасак, алардын жыйындысы жер менен айдын аралыгынан 500 эсе бийик болмок. Жерден Айга чейинки аралык 384 000 км.

Ааламда **$10^{25}$ жылдыз** (25 нөл) бар. Аларды адам баласы өмүрү өткөнчө санап бүтө албайт. Бир секундда 10 миллиард эсептөө операциясын жүргүзө ала турган компьютерге аларды санап чыгышы үчүн 30 миллион жыл керек болмок.

Мына ушул бир нече мисалдын үстүнөн ой жүгүрткөн акылдуу адам ушундай керемет жаратылыштын кайдан келип чыкканы тууралуу ойлонбой койбойт. Көптөгөн замандаштарыбыз кабыл алган эволюция теориясы бул суроого жооп бере албайт. Анткени ал теория баарын: тирүү клеткадагы маалыматтын эбегейсиз көптүгүн, жандуу жана акыл-эсти материалисттик көз караш менен гана талкуулайт. Информатиканын табигый мыйзамдары болсо информациянын материалдык нерсе эмес экенин, ал пайда болушу үчүн ар дайым интеллектуалдуу баштапкы булак, б.а., эрки бар жаратуучу болушу зарыл экендигин айтат.

Жаратылыштын кандай **акылмандык** жана **кеменгерлик** менен жаратылганын карап туруп, таң калбай коё албайсың. Жаратылыштын өзү эле чыгармачыл Автор бар экенин далилдеп турат.

## Туура жоопту кайдан табабыз?

Бизди курчап турган мейкиндик жана убакыт илимий изилдөөлөр чөйрөсүндө өлчөп-ченөө жана таразалоо методдорунун жардамы менен гана изилденет. Бирок “эмне” жаратылгандыгы гана изилденет да, анын “кайдан” келип чыккандыгы изилденбейт. Экинчи суроонун жообун берүүгө адамдын чамасы жетпейт, ошондуктан биз ал жоопту Жаратуучунун Өзүнөн гана ала алабыз.

Биз ал жоопту кантип, кайдан ала алабыз? Библияданбы, Куранданбы же дүйнөлүк тарыхтын кайсы бир китебиненби? Дүйнөдөгү диндер бири-бирине карама-каршы келген ар түрдүү жоопторду беришет. Ал жоопторудун баары же жалган болушу керек, же алардын бирөө эле чындык болушу керек. Чындыкты текшерүүдөгү эң маанилүү нерсе – аткарылган пайгамбарчылыктар. Библияда 3268 пайгамбарчылыктын аткарылгандыгы тууралуу жазылган. Дүйнөдөгү бир да китеп мындай сапатка ээ эмес. Башка китептерге салыштырмалуу Библия – өзгөчө китеп. Ошондуктан мен үчүн Библия – адамзат үчүн жазылган Кудай Сөзү. Анын эң биринчи аятынан эле **“Эң башында Кудай ... жаратты”** деген жоопту алабыз.

## Жаратуучу Өзү ким?

Эч нерсе жокто эле Кудай бар болгон. Ал мейкиндик, убакыт жана материя пайда болгондон мурун эле бар болгон. Библиядагы биринчи сүйлөмдү окуганда, дүйнөнү Кудай Өзү жалгыз жаратккандай сезилет. Бирок Анын жалгыз жаратпаганын төмөндөгү аяттан окуйбуз: ***“Өзүбүзгө окшоштуруп адам жараталы”*** (Башталыш 1:26). Жаратуу ишине Ыйык Рух да катышкан. Бул жөнүндө экинчи аяттан окуйбуз: ***“...Кудайдын Руху суу үстүндө калкып учуп жүрчү.”*** Библия бизге дароо эле бардык нерсени ачып бербейт, кадам сайын маалымат берет. “Жаратуучу ким?” деген суроонун жообу Жаңы Келишимде тагыраак айтылат. Корунттуктарга жазылган 1-каттын 8-бөлүмүнүн 6-аятында Ыйса Машайактын да жаратуу ишине катышкандыгы айтылат: ***“Бизде бир гана Кудай Ата бар. Баарын Ал жараткан, биз да Ал үчүн жаратылганбыз. Ошондой эле бир гана Теңир – Ыйса Машайак бар, баары Ал аркылуу жаратылган, биз да Ал аркылуу жаратылганбыз.”***



Башталыш китебининин 1-бөлүмүнүн 1-аятындагы “Элохим” деген еврей тилиндеги сөз Жаратуучу Кудайдын көптүк санда экенин билдирет. Жаратуу ишине Кудай Өзү жалгыз катышпаганын түшүнүү үчүн, күндөлүк жашоодон мисал келтирсек болот: бүт үй-бүлөбүз менен чогуу машинага түшүп алып, досторубуздукуна бардык деп коёлу. Үйгө кайтар убакыт келгенде, мен үй-бүлө башчысы катары, ата катары: “Эми үйгө кетели”, – деп айтам. Мен көптүк түрдө айтсам да, машинаны бир эле адам, мен, айдайм. Машинаны бир гана адам айдаганы менен, үй-бүлөнүн башка мүчөлөрү да машинада отурушат.

Бул жөнөкөй мисал бизге Библияда айтылган жаратуу ишинин ким тарабынан ишке ашырылганын түшүнүүгө жардам берет. Кудай дүйнөнү Ыйса Теңир аркылуу жараткан. Бул Эврейлерге жазылган каттын 1-бөлүмүнүн 2-аятында так жазылган: ***“Кудай акыркы күндөрдө бизге Уулу аркылуу сүйлөдү. Ал аркылуу Кудай ааламды жараткан жана Аны баарына мураскор кылып дайындаган”.*** Жакан жазган Жакшы Кабарда бардык нерсенин башталышы Ыйса экени баса белгиленет: ***“Бардыгы Ал аркылуу*** [Сөз аркылуу; Ыйса аркылуу] ***башталган, эмне башталса да, Ансыз башталган эмес”*** (Жакан 1:3).

## Ыйса Машайак – Жаратуучу

Ыйсанын жаратуу ишине катышкандыгын Колосалыктарга жазылган каттын 1-бөлүмүнүн 16-17-аяттарынан окуйбуз: ***“Анткени асмандагы жана жердеги көрүнгөн жана көрүнбөгөн бардык нерселер: тактылар да, үстөмдүк кылуучулар да, башкаруучулар да, бийликтегилер да Ал*** [Ыйса Машайак] ***аркылуу жаратылган, бардык нерсе Ал аркылуу жана Ал үчүн жаратылган. Ал бардык нерседен мурун бар болчу жана бардык нерсе Ал аркылуу бар болуп турат.”*** Көзгө көрүнгөн материалдык дүйнөдө Ыйса аркылуу жаратылбаган эч нерсе жок. Атомдун структуралык түзүлүшү, тирүү клеткалардын кичинекей деталдары, ошондой эле эбегейсиз космос мейкиндиги, миллиондогон галактикалар Ал аркылуу жаратылган. Ыйса микро же макрокосмостун эле автору эмес, Ал бардык нерсенин үстүнөн бийлик жүргүзөт.

Андан тышкары, бизге көрүнбөгөн нерселер да Ыйса аркылуу жаратылган. Ал асмандагы сансыз периштелерди жараткан. Ыйса бул дүйнөнү Жаратуучу гана эмес, Сактоочу дагы. Ал аны дайыма бир калыпта кармап турат. Дүйнө жаратылгандан кийин кароосуз калган эмес. Кудай аны Өзүнүн кудуреттүү Сөзү менен сактап, ал үчүн кам көрүп турат.

123-15 Schöpfer Kirgisisch Auflage 2 2021 noch nicht gedruckt.indd 5-8
05.01.2023 15:54:57